Айтурган Абдразакова: Мага ошондо сенин сүйүүң жетпеди

сөзү: Рабига Рысбекова
обону: Азамат Асанбек уулу

аткаруучу:  Айтурган Абдразакова

Буга чейин күнүм күндөй болбогон
Кусалыктан башка нерсе толбогон
Эт жүрөгүм эрте эле жабыркап
Ушул бойдон каламбы деп ойлогом

Сен жок нечен басып өттүм жолдордон
Үмүтүм бар дагы деле соолбогон
Мени унутту, эстебейт деп ойлобо
Сенин атың жүрөгүмө орногон…

Сазга батып санаа нени кечпеди
Байкуш жүрөк жанчылса да эптеди
Куйкаланып, уйпаланып сезимдер
Мага ошондо сенин сүйүүң жетпеди

Башка жандар сендей мага болбоду
Бакыт болуп багыма эч конбоду
Айтчы мага издеп сени барайын
Барбы деги махабаттын жолдору

Жыйнала албай чар тарапта ойлорум
Балким бүгүн сен да мени ойлодун
Бирибизге жетпей такыр колубуз
А мен сендик, а сен мендик болбодуң